**О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин ата-энелер чогулушунун № 3 протоколу**

**03.12.2021-жыл**

**Күн тартибинде каралуучу маселе**

Катышкандар: 48

**1.Салык салуу**

**2.Кылмыштуулуктун алдын алуу**

**3.Зордук-зомбулуктун алдын алуу**

Маселе боюнча сөз Түркбаев Ү.Р сүйлөдү.Ал өз сөзүндө

6-7-8-9-10-11-класстын окуучуларына төмөнкүлөрдү эскертти.Мектеп ичинде окуучулар акча чогултуп,чоң класстардын окуучулары 6-7-8-9-класстын окуучуларына салык салуу боюнча бирөөлөрдөн уксам,закондуу түрдө учетко алынып жооп бересиңер мыйзам чегинде.(Жазык кодексинин 139-беренеси)ден-соолукка анча оор эмес зыян келтирүү;(Жазык кодексинин 138-беренеси) ден-соолукка оор зыян келтирүү;(Жазык кодексинин 200-беренеси)урдоо;(Жазык кодексинин 201-беренеси) тоноо;(Жазык кодексинин 203-беренеси)опузалап талап кылуу;(Жазык кодексинин 266-беренеси) ээнбаштык;(Жазык кодексинин 271-беренеси)урдоо же болбосо опузалап талап кылуу;Силер тамаша көрбөгүлө,кырсык каш-кабактын ортосунда.Бул чогулуштун болушунун себеби башка жактардын мектептеринде көп катталып жатат.Социалдык тармактардан ар кандай нерселерди,тасмаларды көрөсүңөр.Аягы кандай бүтөрүн билесиңер,ошондуктан эсиңерде болсун.Өзүңөрдүн келечегиңерге балта чаап албагыла.Салык салмак тургай,бирөөнүн чекесине черткенге укугуңар жок.Жөн гана тынч жүргүлө.Менин тел.номерим илинип турат билесиңер,чалгыла кайсы убак болбосун.соц.педагог Туйтеева Анара эжеңерге айткыла,ата-энеңерге айткыла бирөө бир нерсе кылса.Балдар беренелер менен тааныштыңар,мен ойлойм түшүндүңөр деп.

**Угулду:**ТИ боюнча д.о.б.жана соц.педагог Туйтеева А.Э кошумчалады.Мына балдар мунун баарын билип эле жүрөсүңөр,ар бир сабак сайын эле айтып жатабыз жөн жүргүлө,эч кимге тийишпегиле деп.Мына бүгүн беренелер менен тааныштыңар.Андай жаман иштер болбой эле койсун өзүңөргө-өзүңөр жооп

берип,тартибиңерди оңдоп,сабактан кечикпегиле.азыр силерди камсыз кылгын ата-энеңер андыктан эмгегин актап,сабак менен алек болгула.

**Сунуштар:**Ата-энелер кечкисин балдарын көзөмөлгө алсын

**Чечим**:ИДН кызматкеринин айткан түшүндүрмөсү эске алынсын.

Төрайымы : Бейшекеева Н.М

Катчы : Туйтеева А.Э